Башаламан

Сөзү,обону: Добранов Адилет

Алыман келер-келбес, кеч эми баарына,

Досуңа бекем туруп сөзүңдү кармадыңбы?

Кааладыңбы досуңа узун өмүрүн жашоодо?

Баарына үлгү болуп аттадың ортого.

Эмнегедир чек ара арабыздагы маселе,

Бөлүнүп жатабыз көчөбүз менен көчө чак келбей.

Карабызбы, агыбызбы баарыбыз бирдейбиз,

Белгисиз пайдасы кимибиз жеңип жеңбейбиз.

Кырылып жүрүп акыры өзүңдүн эле жакыныңдан,

Ажырагандан кийин түшүнүү керек зарылбы?

Ынтымагыбыз жоголуп, келечегибиз кор болуп,

Жүрө беребизби ортобуздан чек ара торолуп.

Биримдик кайсы күнү пайда болуп чыгар экен?

Баары ынтымакта чоң пайда кыла алар бекен?

Пайдасы тиер-тийбес жаштардын колуна,

Көптөрү сынып түшө албай жүрөк жолуна.

Тилеген максатыбызга жеткибиз келип жүрөт,

Максатыбыз эмне экени белгисиз сүрөт.

Адашып жолубуздан, кара жаман оюбуздан,

Бирибиз бирибизди көрө албайбыз ортобузда.

Агымдагы өмүрүң теридей сыйрылып,

Тегерегиңди курчап тургандардан айрылып.

Жадакалса досторуң курмандыкка кабылат,

Досуңа досуң өмүрүн да аябайт.

Кара жол караңгы эч нерсени ылгабайт,

Түшүп алдыңбы жолуна андан эч ким чыга албайт.

Карышкырсың кадимки узак эмес өмүргө,

Көрө элек жатып жашоону айлансын түлкүгө.

Чек ара болүнүүдөн башталып жатпайбы бары?

Бөлүнүп алып көчөгө ызы-чуунун чыр-чатагы.

Кабылдыңбы ушуга анан өйдөнү көздөй,

Көчөнүн балдары менен мамилесин үзбөй.

Салмагы бар баланы сыйлап турушат бүт баары,

Жолу жок менен багы жок баланын эле арманы.

Балдары көчөнүн, көшөгөсүз чек аранын,

Көчөнүн мыйзамы бул - көчөнүн мыйзамы.